# “Кыргыз тилинин алфавитине реформа керекпи?”

Кечээ 18-апрелде Кыргыз радиосунун 106,9 жыштыгында “Кыргыз тилинин алфавитине реформа керекпи?” деген теманын алдында бир сааттык радио-талкуу болуп өттү. Талкуугa белгилүү окумуштуу-тилчилер, маданият-адабият ишмерлери катышты. Алгач сөз алган ф.и.д. профессор Сыртпай Мусаев кыргыз алфавитинин тарыхы-таржымалы, өнүгүү жолу жана азыркы учурдагы абалы жөнүндө сөз сүйлөп, кыргыз алфавитин реформалоо зарылдыгы тууралуу бир топтон бери көтөрүлүп келе жаткан маселени ортого салды. Маселе жаратып жаткан сегиз тамга жана анын ичинен йоддошкон тамгалардын тегерегинде талкуу курч жүрүп, катышуучулар бул маселе тууралуу өз ой-пикирлерин ачык айтышты. Бул талкуугa адабият-маданият тармагынын өкүлү катары Кыргыз билим берүү академиясынын илимий кызматкери, балдар жазуучусу Аман Кармышаков да чакырылып, коюлган маселеге карата төмөнкүдөй кайчы пикирин билдирди:

– Улуттук тилдин нукуралыгы үчүн коюлган бул маселе кеч болсо да туура, бирок ал бир жактуу каралбашы зарыл! Бүгүн колдонулуп жаткан алфавиттерди эл кабылдап, аң-сезимине сиңип калган. Албетте аны алмаштыруу теориялык жактан көп деле кыйынчылык туудурбайт, бирок, аны практикалык жактан ишке ашыруу азыр биз ойлоп жаткандан алда канча кыйыныраак. Демек, мындан эл кандай пайда көрүп, кандай зыян тартат? Шашылбай, жети өлчөп, бир кесүү зарыл. Башканы коюп, бала бакчадан баштап мектепке чейинки чыгымды эле алганда, ага керектүү окуу китептерин, окуу куралдарын, усулдук каражаттарды жана көркөм адабий басылмаларды кайрадан оңдоп иштеп басып чыгарууга канча каражат талап кылынат?! Андай каражат табылган күндө да эл аны кабыл алабы?! Коомчулукта бул жөнүндө карама-каршы пикирлер көп. Эгерде өткөн жылдардагы кошмок сөздөргө жасалган реформадай эл кабылдабай койсо кандай болот?! Алфавиттик реформа кылабыз деп, бала бакча тарбиячылары менен мектеп мугалимдерин түйшүккө салып, окуучулардын башын чаташтырып албайбызбы?! Өлкөбүздө экономикалык абал кыйындап турган мезгилде менимче бул маселенин ишке ашышы бир кыйла оор болот.